**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ ЖАНА И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.11.022 диссертациялык кең еши

Кол жазма укугунда
**УДК 37:371.3:494.3**

**БИЙГЕЛДИЕВА НУРЖАН АБДЫГУЛОВНА**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СИСТЕМАЛУУ КУРСУНДА ОКУУЧУЛАРДЫН БАЙЛАНЫШТУУ КЕБИН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

авторефераты

Бишкек – 2012

Диссертациялык иш Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи**: педагогика илимдеринин доктору, доцент
**Чыманов Жеӊиш Арыпович**

**Расмий оппоненттер**: филология илимдеринин доктору, доцент
**Токоев Таалайбек Токтосунович,**
педагогика илимдеринин кандидаты
**Мусаева Венера Инаятовна**

**Жетектөөчү мекеме**: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими, педагогика жана психология кафедралары. Дареги: 7218809, Каракол шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү 103

Диссертациялык иш 2012-жылдын 19-апрелинде Кыргыз билим берүү академиясынын жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.11.022 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720040 Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25

Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720040, Бишкек ш. Эркиндик гүлбагы 25

Автореферат 2012-жылдын 19-мартында таркатылды.

Диссертациялык кеӊештин
окумуштуу катчысы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор Добаев К.Д.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын кыргыз тили бөлүмүндө: «…кеп ишмердиги мектептеги тил боюнча билим берүүнүн негизин түзөт, ал эми тилдик материал жана тилдик система кеп ишмердигине окутуунун каражаттары болуп саналат»[1] - деп кыргыз тилин окутуунун максаты ачык көрсөтүлгөн. Ошол эле стандарттын 175-бетинде: «тилдик материал - ошол тилде түзүлгөн тексттердин жыйындысы»,- деп, ал эми «тилдик система - фонетика, сөздүк состав, грамматика» экендиги белгиленген. Мындан улам кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун мазмунун тилдик система, тактап айтканда, тилдин фонетикалык түзүлүшү , сөздүк составы, морфология менен синтаксиси түзбөстөн, жандуу жана максаттуу сүйлөшүүгө, баарлашууга багыттап окутуу зарылдыгы белгиленүүдө. Демек, грамматикалык-теориялык материалдар окуучуларды байланыштуу кепке үйрөтүүнүн каражаты катары кызмат кылууга тийиш.

Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун максаты жана мазмуну мамлекеттик стандартта так аныкталып, мектеп программасынан орун алып, кыргыз тили окуу китептеринде кандайдыр бир деңгээлде берилип, кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде изилденилгенине карабастан, кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү иши негизги маселе бойдон калууда. Бул көйгөйлүү проблеманы иликтөөгө алып, ишке ашырууда эң башкы көңүл бура турган нерсе бул кыргыз тили сабагындагы учурда өтүлүп жаткан кыргыз тилинин системалуу курсун тактап айтканда, фонетика, сөз жасоо, лексика жана фразеология, морфология, синтаксис, орфография жана пунктуацияны кыргыз тилинин окуу программасындагы «байланыштуу кеп» бөлүмү менен тыгыз биримдикте окутуп-үйрөтүүнү жолго коюп, анын методикасын азыркы талаптарга ылайык иштеп чыгуу болуп саналат.

Кыргыз тилин окутуунун методикасында да байланыштуу кепке көңүл буруу алгачкы окуу китептеринен, иликтөөлөрдөн методикалык эмгектерден эле башталган. Алгачкы алиппенин автору И.Арабаев окуучулардын оозеки сүйлөөсүн өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруп, буга карата атайын тапшырмаларды киргизген. Кыргыз тили окуу китептерин иштеп чыккан тунгуч окумуштуу К.Тыныстанов окуучулардын оозеки сүйлөөсүн, сөзүн өстүрүү үчүн кыргыз тили сабактарында текст менен иштөөгө чоң маани берип, өзүнүн бардык окуу китептерине көптөгөн этнопедагогикалык багыттагы көркөм тексттерди, элдик макал-лакаптарды кеңири киргизген. Кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча биринчи жолу окуу куралын жазган С.Нааматов кыргыз тилин эне тили катары окутуунун негизги мазмуну катары окуучулардын оозеки сүйлөөлөрүн, сөзүн өстүрүүнү

[1] Кыргыз Республикасынын мектептеринде билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Бишкек, 2007-176-бет.

өркүндөтүүнү аныктаган. Бул аталган тунгуч окумуштуулар кыргыз тилинин грамматикасын байланыштуу кепти, сөз өстүрүүнүн каражаты катары пайдаланышкан. Тилекке каршы, алгачкы методисттердин бул көз караштары, пикирлери жана изилдөөлөрү андан ары улантылбай, 30-жылдардан кийин кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун негизги мазмунун тилдин грамматикасы түзүп калган. Ал эми 1968-жылдан баштап, окуу программасында байланыштуу кеп киргизилип, окуу китептеринен аз-аздан орун ала баштаган. 1987-жылкы кыргыз тилинин окуу программасында (түзүүчүлөр: А.Сапарбаев, В.Мусаева, Н.Абдесов, Г.Жаманкулова) байланыштуу кеп илимий-методикалык негизде системага салынып, иштелип чыккан. Учурда 7-класстын кыргыз тили окуу китебиндеги байланыштуу кеп бөлүмү В.Мусаева тарабынан программага ылайык толук түрдө сунушталып, грамматиканын аспектисинен каралган. Кыргыз тилин окутууну практикалык багытка буруну алгачкылардан болуп чыгаан практик , КР нын Эл мугалими Бектур Исаков өзүнүн иш тажрыйбасында далилдеп, грамматиканы практикалык негизде окутууга өзгөчө басым жасаган.

Бул багыт боюнча окумуштуу-методисттер, белгилүү тилчи изилдөөчүлөр өз изилдөө иштерин жүргүзүп келишти. Мисалга алсак, А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, К.К.Сартбаев, С.Үсөналиев, С.Давлетов, Ж.Чыманов, В.Мусаева, А.Эшиев, З.Тагаева, К.Жаманкулова ж.б. окумуштуулардын эмгектери жарык көрүп, ошол эле учурда Ж.Чыманов, В.Мусаева, А.Эшиев тарабынан кандидаттык диссертациялар корголгон. Албетте, ал методикалык эмгектерде жүргүзүлгөн изилдөөлөр, алардын жыйынтыктары байланыштуу кепти окутуунун сапатын көтөрүүгө, дидактикалык жабдылышына өз салымдарын кошуп келе жаткандыгы талашсыз чындык.

Ошондой эле, орус тилин окутуу методикасында А.В.Текучев, Т.А.Ладыженская, В.Ч. Капинос, Е.Ч. Никитина, А.М.Бородич, В.И.Капинос, Н.Н.Сергеева, М.С.Соловейчик, П.С.Пустовалов,М.П.Сенкевич, Е.С. Антонова, А.Ю.Купалова, В.И.Капинос, М.Ф.Скорнякова, Н.Е.Богуславская, Т.И.Тамбовкина, Н.Н. Сергеева,Т. М. Воителева, Ф. И. Буслаев ж.б. окумуштуулар аталган маселе боюнча атайын изилдөө иштерин аткарышкан.

Ата Мекенибиздин педагогика, методика жана кыргыз тили илиминде жогорудагыдай бир катар эмгектер жарык көрүп, диссертациялык иштер корголгонуна карабастан, кыргыз тилинин системалуу курсун окутуу процессинде окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүү, буларды бири-бири менен жуурулуштуруп окутуу менен грамматикалык материалдарды окуучунун байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн ыкмалары, жолдору жана каражаты катары пайдалануунун атайын иликтөөнүн обьектисине алынбагандыгы илимий изилдөөбүздүн актуалдуулугун аныктайт.

**Диссертациялык иштин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык**

**планы менен байланышы**: диссертациялык иш  С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын негизги илимий-методикалык изилдөө иштери менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу жана аны педагогикалык эксперименттен сыноодон өткөрүү.

Изилдөөнүн максаты  төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүүнү талап кылды:

- байланыштуу кепти окутуунун теориядагы, практикадагы азыркы абалын анализдөө;
- орто мектептерде кыргыз тилинин системалуу курсунда байланыштуу кептин алган ордун жана маанисин аныктоо;
- тил, кеп жана текстти биримдикте окутуу аркылуу байланыштуу кепти окутуп-үйрөтүүнү жаң ылоонун зарылдыгын жана багыттарын белгилөө;
- текстти (тил жана кепти) грамматикалык материалдар аркылуу окутуу менен окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн ыкмаларын, жолдорун иликтөө;
- алынган натыйжаларды эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- байланыштуу кепти окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талдоого алынды;
- орто мектепте кыргыз тилинин системалуу курсун окутууда байланыштуу кепти окутуунун орду жана мааниси аныкталды;
- байланыштуу кепти кыргыз тилинин системалуу курсу менен биримдикте окутууну жаңылоонун зарылдыгы далилденди;
- тил, кеп жана текстти биримдикте окутуунун жана текстти окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн методикасы иштелип чыкты;
- байланыштуу кепти кыргыз тилинин системалуу курсу менен биримдикте окутуунун жолдору, ыкмалары, методдору жана каражаттары иштелип чыгып, сунуш кылынды.

А**лынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөдөн алынган натыйжалар, берилген сунуштар кыргыз тили мугалимдерине кыргыз тилинин системалуу курсу менен байланыштуу кепти биримдикте окутуунун максаты менен мазмунун терең андап-билүүгө көмөк көрсөтөт. Кыргыз тилинин системалуу курсу менен байланыштуу кепти биримдикте окутуу боюнча сунушталган  илимий-методикалык маалыматтарды, окутуу  конкреттүү ыкмаларды, жолдорду жана каражаттарды, сабактардын  үлгүлөрүн мугалимдер пайдаланышат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- кыргыз тилинин системалуу курсу менен байланыштуу кепти биримдикте окутуу иши жаңыланат;

- байланыштуу кеп орто мектептерде кыргыз тилинин системалуу курсун окутуунун негизги максаты жана мазмуну катары өзөгүн түзөт;

- тил, кеп жана текстти биргеликте окутуу менен окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүүнүн жолдору, ыкмалары аныкталат;

- текст – окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүдөгү негизги каражаты катары тилдик-комуникативдик кызматты аткарышат.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**: Иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча С.Нааматов атындагы НМУнун кафедраларынын кеңешмелеринде, семинарларында, И.Арабаев атындагы КМУнун,Ж.Баласагын атындагы КУУнин республикалык, регионалдык, илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларында изденүүчү тарабынан баяндамалар жасалып, талкууланды. Иштеги теориялык жана практикалык маселелердин бардыгы изденүүчү тарабынан жекече иштелди. Алынган натыйжалар, жыйынтыктар алгач изденүүчүнүн өзү өткөн сабактарында текшерилип, аларды жакшыртуу менен башка мугалимдерге жайылтылды. Ошону менен бирге илимий божомол боюнча түзүлгөн жоболор эксперименттик жол менен изденүүчүнүн өзү тарабынан сыноолордон өттү. Изилдөөнүн натыйжалары Нарын, Чүй областтарынын мектептерине жайылтылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы:** Изилдөөнүн базалык негизи катары С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин студенттерине, Нарын областына караштуу шаардык, райондук орто мектептердин окуучуларына кыргыз тили сабагын окутуу процессинде алардын байланыштуу кебин өркүндөтүүдө диссертанттын илимий табылгаларынын натыйжалары апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы**: Изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери аныкталды. Алар диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын толук чагылдырган 6 методикалык колдонмодо, 10 макалада жарыяланды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Изилдөөнүн негизги мазмуну диссертациялык изилдөөнүн өз алдына койгон милдеттеринин аткарылыш ырааттуулугуна ылайык берилди.

“Орто мектепте кыргыз тилин окутуудагы байланыштуу кептин орду жана мааниси” деп аталган иштин **биринчи главасында** байланыштуу кепти

окутуунун теориядагы, практикадагы азыркы абалын үйрөнүүгө жана аны анализдөөгө арналган изилдөөнүн **биринчи милдети ишке ашырылды.** Анда байланыштуу кепти окутуунун алгылыктуу формаларын, ык-жолдорун иштеп чыгууда бул проблеманын теория менен практикадагы азыркы абалы изилденилип, алардын келечектүү табылгалары аныкталып, талдоого алынды. Байланыштуу кеп алгачкы окуу китептеринде “сөз өстүрүү” деп аталып, негизинен балдардын турмушуна жакын көркөм адабий тексттерге таянуу менен мектеп окуучусунун оозеки-сүйлөшүү кебин жана жазуу маданиятын өстүрүүгө басым жасалган. Байланыштуу кепке тиешелүү билим, билгичтик жана көндүмдөргө үйрөтүүнүн теориялык-практикалык негиздерин алгачкы агартуучу, тилчи окумуштуу С. Нааматов биринчи жолу иштеп чыккан. Анын 1930-жылы жарык көргөн «Эне тилинин методикасынан» аттуу эмгегинде кыргыз тилин окутуунун негизги максаты - окуучуларды логикалуу, жеткиликтүү, өз оюн түшүндүрүп сүйлөөгө үйрөтүү зарыл экендигин баса белгилеп, өзүнүн методикалык сунуштарын иштеп чыккан. Тунгуч окумуштуулар И. Арабаевдин, К. Тыныстановдун, К. Бакеевдин эмгектеринде да сөз өстүрүүгө, оозеки, жазуу кепти өнүктүрүүгө көңүл бурулуп, окуу китептеринде атайын окуу материалдары берилип, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү, тарбиялык маанидеги элдик макал-ылакаптар аркылуу балдардын сөзүн өстүрүү менен окутуп-тарбиялоого басым жасалган. Кыргыз тилин окутуу боюнча 1926-жылдан баштап, 2009-жылдарга чейинки түзүлгөн кыргыз тилинин окуу программаларында байланыштуу кепке бөлүнгөн сааттардын саны, окуу материалдарынын окуу китептеринде кандай көлөмдө, кантип чагылдырылганын хронологиялык тартипте талдоого алган учурда , кыргыз тилинин системалуу курсу менен байланыштуу кепти ич ара биримдикте окутуунун үзгүлтүккө учурагандыгы белгиленди.

Байланыштуу кеп кийин 1987-жылкы кыргыз тилинин окуу программасында өзүнчө бөлүм катары системалаштырылып, киргизилип, ушул мезгилге чейин окутулуп келе жатат. Ушундан улам «байланыштуу кеп бул өз алдынча тармак катары өзүнүн обьектисине, предметине, милдет-максаттарына, мазмунуна ээ болуу менен бирге эле тилдин системалык курсунун ичинде баланын оозеки, жазуу кебин өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүчү бирден бир бөлүм катары саналат» деген жыйынтыкка келдик.

Иштин **экинчи милдетинде** орто мектептердеги кыргыз тилинин системалуу курсундагы байланыштуу кептин алган орду жана мааниси аныкталды. Байланыштуу кеп билим берүүгө коюлуп жаткан заманбап талаптарга тактап айтканда, инсанга багытталган окутууга артыкчылыктуу маани берүү менен орто мектепте кыргыз тили сабагында билим берүүнүн жалпы максаттарына жана көндүмдөрүнө, компетенттүүлүктөрүнө ( тилдик, кептик жана маданияттык таануучулук) ылайык баланы улуттук тажрыйбаларга,

дөөлөттөргө жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ кылуу менен инсан катары калыптандырууга өзүнүн салымын кошуусу керек.

Ошондой эле, кыргыз тилинин окуу программасында байланыштуу кепти окутуунун максаты: «кыргыз тили сабагында окуучуларды ойду оозеки жана жазуу жүзүндө эркин, логикалык ырааттуулукта жеткиликтүү, сабаттуу туюнта билүүгө үйрөтүү, аларды кеп ишмердүүлүктөрүн өздөштүрүүгө, текстти түзүүгө жана аны өркүндөтө билүүгө машыктыруу,. байланыштуу кептин темаларын фонетика, лексика, морфология, синтаксис, сөз жасоо, орфография бөлүмдөрү менен тыгыз биримдикте окутуунун »[1], - зарылдыгы көрсөтүлгөн. Мына ушул программалык талаптарга ылайык байланыштуу кеп жалпы эле эне тилди окутуунун негизги жана чечүүчү бөлүгү экендиги такталып, кыргыз тилинин системалуу курсундагы байланыштуу кептин алган орду жана мааниси тастыкталат.

Окумуштуулар С.Давлетов, Ж.Чыманов, В.Мусаева, Ж.Чыманов, А.Эшиев, З.Тагаевалар кыргыз тилин окутууда анын практикалык жагына басым коюу менен байланыштуу кепти окутууга өзгөчө маани беришип, аны окутууну өркүндөтүүнүн зарылдыгын баса белгилешет.

Байланыштуу кепти окутуунун максаты, милдеттери жана анын жалпы эле кыргыз тилин окутуудагы орду жана мааниси жөнүндө бир нече жылдардан бери илимий-методикалык изилдөө иштерин жүргүзүп келе жаткан тилчи-окумуштуу В. Мусаева: «Кыргыз тилиндеги байланыштуу кепти өнүктүрүү бул өзүнчө өткөрүлгөн жана атайын кыргыз тилинин мектеп курсундагы фонетика, морфология, синтаксис, сөз жасоо, орфография, орфоэпия, лексика жана башкалар менен тыгыз карым-катышта жүргүзүлгөн иш чара. Окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү – кыргыз тилин окутуунун эң маанилүү тармагы. Коммуникативдик, маданий жана адептик ыкмаларга тарбиялоодо да өтөгөн милдети зор»[1], - деп көрсөткөн.

Ушундан улам, биз байланыштуу кепти окутуунун максат-милдети жөнүндөгү мамлекеттик стандарттын, орто мектептин окуу программасынын жана методист-окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен бүтүндөй тилди окутуунун максатынын чечилиши же турмушка ашырылышы байланыштуу кепти окутуунун деңгээлине жана сапатына жараша болот деп эсептейбиз.

Тил, кеп жана текстти биримдикте окутуу аркылуу байланыштуу кепти окутуп-үйрөтүүнүн жаңылоонун зарылдыгын жана багыттарын белгилеген изилдөөнүн **үчүнчү милдети** “Кыргыз тилинин системалуу курсун окутууда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн зарылдыктары жана ба-

---


[1] Жалпы билим берүүчү мектептердин гимназия-лицейлердин 5-11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча программа: 7-бас - Б: Билим, 2009. – 3-б.

[1] В.Мусаева, Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу, 5-11-класс, Б.2009, 10-бет.

гыттары” деген аталыштагы иштин экинчи главасында чагылдырылды. Тактап айтканда, кыргыз тилинде жарык көргөн илимий-методикалык эмгектер окуп-үйрөнүлүп, ондогон мектеп мугалимдери менен баарлашып, анкеталык жана тесттик сурамжылоолордон алынган жыйынтыктар чыгарылып, сабактарга катышуу менен талдоо өткөрүлүп, жеке тажрыйбабызды жалпылаштырып келгенде, окутуу, тарбиялоого коюлуп жаткан суроо-талаптарды эске алганда, байланыштуу кепти окутуу орчундуу өзгөрүүлөргө муктаж экендигин айкындады.

Кыргыз тилинин системалуу курсу менен байланыштуу кепти бирим-дикте окутуунун зарылдыктары такталуу менен байланыштуу кепти окутууда жаң ылануулар кайсы багытта жана кандайча жүрүшү алгылыктуу боло турганы аныкталды жана төмөнкү сүрөттө жана таблицада чагылдырылды.

**Сүрөт 2.1.2 - Байланыштуу кепти окутууну жаңылоо**




Бул сүрөттө тил, кеп жана тексттин байланышы, тилдин бөлүмдөрүнүн бири-бири менен карым-катышы, байланыштуу кептин бөлүктөрүнүн ички байланышы, предмет аралык байланыш сунушталды.

**Таблица 2.2.1 - Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүгө өбөлгө түзгөн тил, кеп жана текстти биримдикте окутуунун ыкмалары жана-жолдору** (7-класста өтүлгөн сабактын мисалында)

<table>
<tr><th rowspan="2"></th><th colspan="3">Тил, кеп жана тексттин байланышы</th><th rowspan="2">Тилдин бөлүмдөрүнүн ич ара бири-бири менен байланышы</th><th colspan="4">Байланыштуу кептин бөлүктөрүнүн өз ара байланышы</th></tr>
<tr><th>Тилдин бөлүгү</th><th>Байланыштуу кеп</th><th>Текст</th><th>түрү</th><th>тиби</th><th>стили</th><th>жанры</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Морфология</td><td>Ички, сырткы</td><td>- илимий булактардан материалдарды</td><td>- сөздүн морфологиялык жана синтаксистик жол менен</td><td colspan="4">- ички + сырткы (оозеки + жазуу), диалог + монолог баяндоо +сүрөттөө+ой-</td></tr>
</table>

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | кеп (оозеки, жазуу) | чогултуу;<br>- тексттин ар түрдүүлүгүнө карата салыштырмалуу мүнөздөмө берүү;<br>- сын-пикирдин элементтерин катыштырып, далилдүү айтуу;<br>- оозеки жооп берүүдө публицистикалык мүнөздө сүйлөө, текст түзүү. | жасалышын үйрөнүү;<br>- анын лексикалык жана грамматикалык маанисин чечүү;<br>- маанилик түрлөрүн байкоо;<br>- кыргыз орфографиясынын принциптери менен эрежелерин өздөштүрүү;<br>- синтаксис менен болгон байланышты мугалимдин жардамы менен чечүү;<br>- текст түзүү (эссе, баяндама, дилбаян). | жүгүртүү;<br>- оозеки - сүйлөшүү + окуу-илимий, көркөм, публицистикалык, иш кагаздарынын стили, айтып берүү + билдирүү жазуу, текст түзүү.<br><br>*Предмет аралык байланыш*<br>- адабият, тарых, математика, адеп, география окуу китептеринен (өзүнүн тандоосу менен) чакан текст таап окуу;<br>- кайсы окуу китебинен алынган текстте кайсы сөз түркүмүнүн көбүрөөк колдонулганын анализдөө. |

Тилди, кепти жана текстти биримдикте окутуу менен байланыштуу кепти өнүктүрүүнүн айрым жолдору жогорку таблицада көрсөтүлдү.

«Текстти – байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары окутуу» аттуу үчүнчү глава текстти (тил жана кепти) грамматикалык материалдар аркылуу окутуу менен окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн ыкмаларын, жолдорун иликтеген изилдөөнүн **төртүнчү милдети** аркылуу чечмеленди. Учурда кыргыз тилин окутууда текстти окутууга, текст түздүрүүгө зор маани берилип, келечектүү багыт катары каралууда. Ж.Чыманов “текст – кыргыз тилин окутуунун мазмунунун негизги өзөгү”[1], К.Добаев, А.Акматова жана Р.Сулайманова “текст – окуучу үчүн маалыматтын булагы, түшүнүүнүн жана окуп-үйрөнүүнүн объектиси”[2] деп аныкташкан. Ал эми С.Рысбаев: “Текст – кеп ишмердүүлүгүнүн продуктусу, текстти окутууну этнопедагогикалык нукта өркүндөтүү проблемасы кыргыз педагогика илиминин алдында учурдагы актуалдуу маселе”[3]- деп белгилеген.

Грамматикалык материалдарды текст (тил жана кепти) аркылуу окутууда байланыштуу кепке үйрөтүүнүн негизги каражаты катары этнопедагогикалык нуктагы мисалдарды пайдалануу жемишин бере тургандыгын практика жүзүндө сыноодон өткөрдүк.


**Сүрөт 3.2.5 – Текстти (тил жана кепти) грамматикалык материалдар**

[1] Чыманов, Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б.: Турар, 2009. - 157 - б.

[2] Акматова, А., Добаев, К., Сулайманова, Р. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууга арналган окуу китептеринин мазмуну жана түзүлүшү: окуу китептерин түзүүчүлөр үчүн усулдук сунуштар. – Б.: 2009. – 98-б.

[3] Рысбаев, С. Улуттук мазмундагы эне тил окуу китептерин түзүүнүн проблемалары. – Б.: 2007.-121-б.

**аркылуу окутуу менен байланыштуу кепке үйрөтүүнүн негизги каражаты катарындагы этнопедагогикалык мисалдар** (8-кл. өтүлгөн сабактын үлгүсүндө)




Изилдөөнүн **бешинчи милдети** алынган натыйжаларды эксперименттик текшерүүдөн өткөрүүгө арналган. Эксперименттик сыноолор 2004-2011-окуу жылдары практикада кеңири тараган үч этапта жүргүзүлдү.

Аныктоо этабында кыргыз тилинин системалуу курсунда байланыштуу кепти (мамлекеттик стандартта аныкталган негизде) заманбап талаптарга шайкеш, аларды бири-бири менен тыгыз биримдикте окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү жаатында али да көптөгөн илимий-методикалык маселелер чечилбей келе жаткандыгы белгиленди. Бул маселе Нарын областынын мектептеринин кыргыз тили мугалимдеринен алынган анкеталык сурамжылоонун жооптору аркылуу тастыкталды. Ал Нарын районунун жана Нарын шаарынын мектептеринде жүргүзүлдү.

Нарын районундагы мектептердин 42% жана жалпы кыргыз тилчи мугалимдеринин 50,6% чейинки саны камтылды. Ал эми Нарын шаарынын 87,5%

мектептеринин кыргыз тилчи мугалимдеринин 88,4% катышты.

Эксперименттин биринчи этабында жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоонун жыйынтыгы төмөнкү сүрөттө көрсөтүлдү.

**Сүрөт 3.3.3 - Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыгы**




**А** – алынган теориялык материалдарды практикада айкалыштырса
**Б** – окуу куралдары практикалык багытта жакшыртырылса
**В** – байланыштуу кептин теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденип, аны жакшыртуунун ык-жолдору иштелип чыкса
**Г** – теориялык негизде байланыштуу кеп терең изилденсе

Алынган жыйынтыктын негизинде байланыштуу кептин теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденип, аны жакшыртуунун ыкмалары, жолдору иштелип чыкса деп эсептеген мугалимдер 39,4% болуп, дээрлик көпчүлүгү ушул ойду жактай тургандыктары аныкталды. Ошол эле учурда « окуу куралдары практикалык багытта жакшыртылса» деген пикирди колдогон мугалимдер да 29,5% түзүшкөн. Ал эми «алынган теориялык материалдарды практикада айкалыштырса» деп эсептегендер 17,3%, « байланыштуу кеп теориялык негизде терең иликтенсе» дегендер 13,8% камтышты.


Демек, жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз тилин байланыштуу кеп менен тыгыз биримдикте окутуунун мааниси, орду жана ролу чоң экендиги, анын теориядагы жана практикадагы абалы терең изилденилип, байланыштуу кепти окутууга өзгөчө маани берүү жана аны жакшыртуунун ыкмаларын жана жолдорун иштеп чыгууну терең детүү зарыл деп эсептелинди.

Кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүү боюнча педагогикалык эксперименттен алынган натыйжаларды изилдөө, талдоо этабында кыргыз тили сабагынын үлгүлөрүн, план-конспектилерин иштеп чыгып, ал боюнча сабактар өтүлдү. Эксперименттик сабактарды өтүү үчүн эки же андан көп удаалаш класстары бар мектептер тандалып алынды. Биз сунуш кылган үлгү боюнча сабак өтүлгөн класстар – эксперименталдык, ал эми кадимки салттуу сабак өтүлгөн класстар – текшерүүчү класстар болду.

Эксперименттин экинчи изилдөө этабында окуучулар арасындагы сы-

ноого оозеки жана жазуу жүзүндөгү тапшырмалар сунуш кылынып, анын жыйынтыгы төмөнкүлөрдү көрсөттү.

**Сүрөт 3.3.14 - Окуучулардын оозеки жана жазуу жумуштарынын жыйынтыгы**




Демек, кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүдө атайын шарттардын болушу зарыл экендиги белгиленди. Алар:

1. Тил, кеп жана текстти биримдикте окутуу;
2. Тилдин бөлүмдөрүнүн бири-бири менен ич ара байланышын түзүү;
3. Байланыштуу кептин бөлүктөрүнүн өз ара ырааттуулугунун болушу;
4. Текст - байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары колдонулушу.

Сыноонун **үчүнчү этабында** текшерүүчү жана эксперименттик класстардын анкеталык тесттик суроолорго берген жооптору, жазуу иштери (дилбаян, эссе, баяндама), текстти талдоо, текстти түзүү иштеринин жыйынтыктары сандык жана сапаттык жактан талдоого алынды. Жалпысынан бул иштерге 6-9-класстардан 300дөн ашык окуучу, 16 мугалим камтылды. Тесттик суроолор алгач текшерүүчү класстардан, андан соң ошол эле сунуш кылынган үлгүлөр боюнча эксперименттик класстардан (6-9-кл) жооптор алынды. Эксперименттик жана текшерүүчү класстардан окуучулар бирдей санда катышты.


Тест Нарын шаарына жана Нарын районуна караштуу орто мектептердин окуучулары арасында жүргүзүлдү.

Кеп менен тилдин карым-катышын, кыргыз тили сабагында тилдин бөлүмдөрүнүн бири-бири менен ички ырааттуулугун, байланыштуу кептин мазмундук бөлүктөрүнүн өз ара уланмалуулугун, текстти байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары окутулушун билүү максатында анкеталык суроолор берилип, алынган жыйынтыктары төмөнкү таблицаларда көрсөтүлдү.


**1-суроо**: Кептин тил менен карым-катышы барбы? а) жок; б) мүмкүн; в) байланышы чоң; г) толук түшүнө албайм.

**Таблицалар 3.3.11; 3.3.12 - Кеп менен тилдин карым-катышы** (1 - текшерүүчү класстар, 2-эксперименттик класстар)

| № | Мектептер | а | б | в | г | текшерүүчү класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 21,6 | 18,4 | 25 | 35 | |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 21,2 | 28,8 | 5,8 | 44,4 | |
| 3 | №5- мектеп | 10 | 26 | 12 | 52 | |
| 4 | №7- мектеп | 16,3 | 25,4 | 7,2 | 69,2 | |
| 5 | №8- мектеп | 18,2 | 27,2 | 12,7 | 41,9 | |
| 6 | №10- мектеп | 20 | 22,2 | 13,4 | 44,4 | |
| 7 | №9- мектеп | 10,5 | 25 | 20,8 | 43,7 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 15.4 | 24.2 | 13.4 | 47 | |




| № | Мектептер | а | б | в | г | эксперименттик класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 20 | 16,6 | 55 | 8,4 | |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 19,2 | 17,3 | 57,6 | 5,9 | |
| 3 | №5- мектеп | 22 | 18 | 50 | 10 | |
| 4 | №7- мектеп | 18,2 | 18,2 | 52,7 | 10,9 | |
| 5 | №8- мектеп | 11,2 | 13,3 | 73,3 | 2,2 | |
| 6 | №10- мектеп | 17,5 | 20 | 52,5 | 10 | |
| 7 | №9- мектеп | 8,3 | 10,4 | 75 | 6,3 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 17 | 16 | 59 | 8 | |





Жыйынтыгында, кеп менен тилдин карым-катышын аныктагандар - эксперименттик класстардан 59,2% ти түздү.


**2-суроо**: Кыргыз тили сабагында тилдин бөлүмдөрүнүн бири-бири менен болгон байланышы барбы? а) бар; б) болушу керек; в) күмөн; г) жок.

**Таблицалар 3.3.13; 3.3.14 - Тилдин бөлүмдөрүнүн бири-бири менен болгон байланышы** (1 - текшерүүчү класстар, 2-эксперименттик класстар)

| № | Мектептер | а | б | в | г | текшерүүчү класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 11,6 | 5 | 66,6 | 16,8 | |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 13,5 | 7,6 | 57,7 | 21,2 | |
| 3 | №5- мектеп | 12 | 8 | 56 | 24 | |
| 4 | №7- мектеп | 12,7 | 3,7 | 63,6 | 20 | |
| 5 | №8- мектеп | 13,3 | 6,7 | 60 | 20 | |
| 6 | №10- мектеп | 7,5 | 5 | 62,5 | 25 | |
| 7 | №9- мектеп | 18 | 10,5 | 45,8 | 25 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 13 | 7 | 58 | 22 | |





| № | Мектептер | а | б | в | г | эксперименттик класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 25 | 65 | 8,4 | 1,6 | |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 23,1 | 69,2 | 5,8 | 1,9 | |
| 3 | №5- мектеп | 30 | 60 | 6 | 4 | |
| 4 | №7- мектеп | 25,4 | 60 | 9,1 | 5,5 | |
| 5 | №8- мектеп | 20 | 62,2 | 13,3 | 4,5 | |
| 6 | №10- мектеп | 25 | 62 | 10 | 2,5 | |
| 7 | №9- мектеп | 29,1 | 60,1 | 6,1 | 5 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 26 | 63 | 8 | 3 | |




Жыйынтыгында, кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн бири-бири менен байланышы бар деп эсептегендер эксперименттик класстардан - 63% ти түздү.

**3-суроо**: Байланыштуу кептин мазмундук бөлүктөрү бири-бири менен ички байланышты түзө алабы? а) түзө алат; б) түзө алышы мүмкүн; в) сөзсүз түзөт; г) түзө албайт.

**Таблицалар 3.3.15; 3.3.16 – Байланыштуу кептин мазмундук бөлүктөрүнүн ички байланышы (**1-текшерүүчү класстар, 2-эксперименттик класстар**)**


| № | Мектептер | а | б | в | г | текшерүүчү класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 16,6 | 30 | 18,4 | 35 |  |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 19,2 | 28,8 | 5,7 | 46,1 | |
| 3 | №5- мектеп | 10 | 26 | 12 | 52 | |
| 4 | №7- мектеп | 14,5 | 33,3 | 15,5 | 22,2 | |
| 5 | №8- мектеп | 10 | 20 | 17,5 | 52,5 | |
| 6 | №10- мектеп | 18,7 | 31,2 | 10,4 | 39,5 | |
| 7 | №9- мектеп | 8,3 | 10,4 | 75 | 6,3 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 18 | 25 | 23 | 34 | |


| № | Мектептер | а | б | в | г | эксперименттик класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 30 | 16,5 | 35 | 18,5 |  |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 57,5 | 17,4 | 19,2 | 5,9 | |
| 3 | №5- мектеп | 30 | 20 | 34 | 16 | |
| 4 | №7- мектеп | 32,7 | 16,3 | 29,2 | 21,8 | |
| 5 | №8- мектеп | 73,3 | 11,2 | 13,3 | 2,2 | |
| 6 | №10- мектеп | 52,5 | 17,5 | 20 | 10 | |
| 7 | №9- мектеп | 39,5 | 18,7 | 31,3 | 10,5 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 47 | 19 | 27 | 7 | |

Жыйынтыгында, байланыштуу кептин мазмундук бөлүктөрүнүн ички байланышын аныктагандар эксперименттик класстардан – 47% түздү.

**4-суроо:.**Текст байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги каражаты боло алабы? а) боло алат; б) болушу керек; в) болушу мүмкүн; г) жооп берүүдөн кыйналам.

**Таблицалар 3.3.17; 3.3.18 – Текст - байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги каражаты (**1-текшерүүчү класстар, 2-эксперименттик класстар**)**

| № | Мектептер | а | б | в | г | текшерүүчү класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 30 | 18.4 | 16.6 | 35 |  |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 15,4 | 17,4 | 32,6 | 34,6 | |
| 3 | №5- мектеп | 20 | 16 | 30 | 34 | |
| 4 | №7- мектеп | 16,3 | 21,8 | 32,7 | 29,2 | |
| 5 | №8- мектеп | 13,3 | 8,9 | 33,4 | 44,4 | |
| 6 | №10- мектеп | 17,5 | 15 | 32,5 | 35 | |
| 7 | №9- мектеп | 18,7 | 10,5 | 39,5 | 31,3 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 19 | 15 | 31 | 35 | |

| № | Мектептер | а | б | в | г | эксперименттик класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Табалдиев атындагы орто мектеп | 41,6 | 40 | 15 | 3,4 |  |
| 2 | Э.Токсобаев атындагы орто мектеп | 46,2 | 38,5 | 9,6 | 5,7 | |
| 3 | №5- мектеп | 42 | 40 | 14 | 4 | |
| 4 | №7- мектеп | 49,1 | 30,9 | 14,5 | 5,5 | |
| 5 | №8- мектеп | 40 | 42,2 | 11,2 | 6,6 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | №10- мектеп | 37,5 | 42,5 | 10 | 10 | |
| 7 | №9- мектеп | 43,7 | 33,4 | 12,5 | 10,4 | |
| 8 | Алынган жалпы жыйынтык | 43 | 38 | 12 | 7 | |

Жыйынтыгында, текст – байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги каражаты экендигин аныктагандар эксперименттик класстардан – 43% түздү.


Ошондой эле, текшерүү, жыйынтыктоо этабы Кочкор районундагы Оро-Башы атындагы (мугалими Эламанова, Ө.), Нарын шаарындагы №7 М.Сыдыков атындагы (мугалимдери Усубалиева, Н.,Телтаева, Т.), Нарын районундагы Э.Токсобаев атындагы (мугалими Жумагулова, Г.), Чүй областына караштуу Ысык-Ата районундагы К.Жакыпов атындагы (мугалими Абдылдаева, К.А.), Кант шаарындагы Я.Я.Ваккер атындагы орто мектептеринде (мугалими Кыдыкова, А.) жүргүзүлдү.

Эксперименттик жана текшерүүчү класстарда төмөнкүдөй түрдөгү практикалык машыгуу иштери жыйынтыктары чыгарылды. Алар: 1) «Тил, кеп жана тексттин байланышы» (эссе); Тил жана кеп (оозеки баарлашуу); 3) Текст түзүү; 4) Текст менен иштөө; 5) Текстти талдоо; 6) «Жакшы ойлосоң-жакшы сүйлөйсүң» (дилбаян); 7) «Менин сөздүгүмдө канча сөз бар?”(реферат) ж.б.. Эксперименттин жыйынтыктары төмөнкү сүрөт аркылуу көрсөтүлдү.

Текшерүүчү класстардын жетишүүлөрүнүн жалпы проценти 56,2, ал эми эксперименттик класстардын ошол эле темалар боюнча жетишүүлөрүнүн жалпы проценти 76,7 болду. Натыйжада жетишүүнүн өсүшү 20,5 процентти түздү.

Кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгууга арналган мугалимдер жана окуучулар арасында өткөрүлгөн сынак иштери, кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттырууга карата иштелип чыккан сабактардын үлгүлөрү, жаңычыл, интерактивдүү ыкмалары, жолдорду пайдалануу менен өтүлгөн сабактар кадимки, салттуу сабактардын жыйынтыктары менен салыштырылганда, эксперименттик класстардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү жогору болду.

**Сүрөт 3.3.15 - Текшерүү иштеринин жыйынтыктары**




ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Изилдөөдө кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып, педагогикалык эксперименттик сыноолор аркылуу текшерилди жана төмөндөгүдөй натыйжалар алынды:

1. Байланыштуу кепти окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы белгиленди.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде окуу программасына 1968-жылдан бери кирип, бир нече ондогон жылдардан бери үйрөтүлүп келе жаткан байланыштуу кепти окутуунун теориялык жана методикалык маселелерине арналган алгылыктуу диссертациялык иликтөөлөр жүргүзүлүп, бул проблемага С.Давлетов, Ж.Чыманов, В.Мусаева, А.Эшиев, З.Тагаевалар эмгектерин арнашкан. Мына ушул илимий-методикалык булактарга таянуу менен изилдөөбүздү ишке ашырдык. Байланыштуу кепти окутуу боюнча буга чейин жарык көргөн методикалык эмгектерди талдоого алуу менен кыргыз тилинин системалуу курсун байланыштуу кеп бөлүмү менен тыгыз биримдикте окутуу маселесин иликтөөгө алуунун зарылдыгын белгиледик. Грамматикалык аныктамаларды, түшүнүктөрдү, эрежелерди камтыган теориялык маалыматтарды окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү багытындагы машыгуулар менен айкалыштырып окутуу аныкталып, байланыштуу кепти окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы чечмеленди.

2. Орто мектептерде кыргыз тилинин системалуу курсунда байланыш-

туу кептин алган орду жана мааниси аныкталды. Тактап айтканда:

- кыргыз тилин эне тил катары окутуунун максаты жана мазмунун аныктоодо байланыштуу кепти окутууга артыкчылык берилип, аны кыргыз тилинин системалуу курсу менен тыгыз биримдикте окутууга олуттуу мамиле жасоо менен кыргыз тилин окутуунун негизги максаттарынын бири катары таанылып, байланыштуу кеп кыргыз тилин окутуунун өзүнчө бир бөлүгү катары эмес, тилди окутуунун мазмундук негизи экендиги иликтенилди;

- грамматикалык категорияларды байланыштуу кепке,атап айтканда, баарлашууга, сүйлөшүүгө, өз ара карым-катнашка, пикир алышууга, монологго,диалогго даярдоонун каражаты катары пайдалануу; байланыштуу кепти окутууну жалпы эле кыргыз тилин окутуунун максаты жана мазмуну деп түшүнүп, ушул өңүттөн мамиле кылуу; орто мектептерде байланыштуу кепти окутуунун методикасын теориялык жана практикалык жактан заманбап талаптарга ылайык иштеп чыгуунун өзгөчө мааниге ээ экендиги белгиленди. Кыргыз тилинин системалуу курсунда байланыштуу кепти окутууда эрежеге, аныктамага басым жасабастан, окуучулардын жандуу кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү, жана окуу куралдарын ошол багытка ылайыктап түзүү керектиги тастыкталды.

3. Тил, кеп жана текстти биримдикте окутуу аркылуу байланыштуу кепке үйрөтүүнү жаң ылоонун зарылдыгы жана багыттары белгиленди:

Окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн бирден-бир булагы катары байланыштуу кепти окутуунун сапатын көтөрүү жана жакшыртуу негизги максат катары каралып, азыркы талаптарга ылайык, дал ушул кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын кеп ишмердүүлүгү кадимкидей калыптанып, өнүгүп-өркүндөөгө тийиш экендиги изилдөөгө алынды. Байланыштуу кепти кыргыз тилин окутуунун негизги мазмуну, өзөгү катары эсептеп, окутууну азыркы талаптарга ылайык жаңылоо менен тил, кеп жана текстти биримдикте үйрөтүү маселеси чечилди. Окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн багыттары изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан сабактын үлгүлөрүнүнүн, практикалык машыгуу иштерини н, оозеки, жазуу жумуштарынын , өз алдынча иштердин мисалдарында сунушталып, аларды сабакта колдонуунун жолдору белгиленди. Байланыштуу кепке карата сааттардын көлөмүн көбөйтүүнүн окуу куралдарында аныктама-эрежелерди жөнөкөйлөштүрүп, көнүгүүгө, машыгууга берилген материалдарды балдардын турмушуна, кызыгуусуна жакындаштырып, алардын өз алдынча тилдик жана кептик жактан өнүгүүсүн арттыруучу кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө көмөк көрсөткөн тексттерди жайгаштыруунун зарылдыгы аныкталды. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүдө тил, кеп жана текстти биримдикте окутуунун ыкмалары сабактардын үлгүсүндө, суроо-тапшырмаларда, грамматикалык таблицаларда, сүрөттөрдө, чиймелер-

де, диаграммаларда берилди. Тилдин бөлүмдөрүн бири-бири менен комплекстүү түрдө карым- катышта окутуунун жолдору, ыкмалары иштелип чыкты. Байланыштуу кептин бөлүктөрүнүн ички байланышы аныкталды жана аны кыргыз тилинин системалуу курсу менен биримдикте окутуунун методикасы иштелип чыкты. Предмет аралык байланыш чечмеленди. Орто мектептерде кыргыз тилинин системалуу курсун, морфологияны (6-7-класстарда) окутуу менен байланыштуу кепти өркүндөтүү өзгөчө мааниге ээ болуп, бул боюнча окуучулар негизги билим, билгичтик, көндүмдөрдү алышары айкындалды.

4. Текстти (тил жана кепти) грамматикалык материалдар аркылуу окутуу менен окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн ыкмалары, жолдору каражаттары, интерактивдүү методдор такталды.

Текст байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн дидактикалык каражаты катары саналып, текстти окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин ыкмалары жана жолдору атап айтканда, сабактын үлгүлөрү, текст боюнча талкуу, оозеки, жазуу тапшырмалары, көнүгүүлөр иштелип чыкты. Ошондой эле, 8-9-класстарда синтаксисти окутууда байланыштуу кепке үйрөтүүгө арналган элдик педагогикалык мазмундагы сабактар берилди. Суроо-тапшырмаларды кыргыз тилин текст аркылуу, текстти талдоо аркылуу, текст түзүү аркылуу жемиштүү натыйжаларды берип, окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өстүрүү, ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү аркылуу адептик оң сапаттарын өркүндөтүүгө салым кошо турганына биз өз изилдөөбүздө жана өз практикабызда ынандык. Алар сыноолордо ишенимдүү тастыкталды.

5. Алынган натыйжалар педагогикалык эксперименттик сыноолордон, текшерүүлөрдөн өткөрүлдү

Педагогикалык экспериментке жалпысынан, 6-,7-,8-, 9-класстардан 300дөн ашык мектеп окуучулары жана 150 дөн ашык мугалимдер тартылды.

Текшерүүчү жана эксперименттик класстардан анкеталык жана тесттик суроолор боюнча алынган жооптордун, жазуу жумуштарынын (дилбаян, баяндама, эссе), текстти талдоолорунун, текстти түзүү иштеринин жыйынтыктары да сандык жана сапаттык жактан талдоолорго алынып, тыянактар чыгарылды. Иштелип чыккан сабактардын үлгүлөрү, жаңычыл интерактивдүү ыкмаларды, жолдорду пайдалануу менен өтүлгөн эксперименттик сабактар кадимки, салттуу сабактардын жыйынтыктары менен салыштырылганда, эксперименттик класстардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү жогору экендиги аныкталды. Ушундан улам, окуу программасын, окуу – методикалык куралдарды байланыштуу кепти өркүндөтүү багытында түзүү зарыл деген жыйынтык чыгарабыз.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктарга таянуу менен төмөнкүдөй практикалык сунуштарды иштеп чыктык:

1. Орто мектепте кыргыз тили предметин окутууда грамматикага (эреже, аныктама, теориялык материалдар) гана басым жасабастан, окуучулардын оозеки, жазуу байланыштуу кебин өркүндөтүүнү колго алуу.
Бул максатта 5-9-класстарда кыргыз тилин окутууда байланыштуу кепти үйрөтүүгө олуттуу мамиле жасоо менен аны өзүнчө бөлүп окутпастан, кыргыз тилинин системалуу курсунун мазмундук негизи, өзөгү экендигин терең таанып билүү багытында окутуп-үйрөтүү.

2. Байланыштуу кепке бөлүнгөн сааттардын көлөмүн көбөйтүү, теория менен практиканы айкалыштырып, окуучуларды тилдик, кептик көндүмдөргө,компетенттүүлүктөргө ээ кылуу максатында грамматиканын ар бир сабагын, темасын оозеки, жазуу кепти өркүндөтүү, тактап айтканда, кырдаалга ылайык баарлашуу,сүйлөшүү, пикирлешүү, карым-катнаш жасоо этикетинин сабагына айландырууну ишке ашыруу.

3. Кыргыз тилинин системалуу курсун ( 6-7-класстарда морфологияны, 8-9-класстарда синтаксисти) окутууда окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүүгө арналган элдик педагогикалык мазмундагы тексттерди, суроо-тапшырмаларды, сабактын үлгүлөрүн, текст түзүүнү (дилбаян, эссе, реферат ж.б.), даяр текстти кайра түзүүнү (баяндама, анын түрлөрү), текстти талдоону, текстти өркүндөтүүнү калыптандыруучу көнүгүү, машыгуулардын жана практикалык мүнөздөгү оозеки, жазуу жумуштарынын, интерактивдүү ыкмалардын окуу-методикалык комплектилерде кеңири орун алуусун камсыз кылуу.

4. Окуу планын, окуу программасын, окуу китебин, окуу–методикалык куралдарды жана колдонмолорду окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүү менен алдыңкы кеп ишмердүүлүгүнүн үлгүлөрүнө ээ кылуу багытында түзүү зарыл.

5. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүдө тил, кеп жана текстти ажырагыс биримдикте окутуунун жолдору, ыкмалары, каражаттары жана жаңыланган технологияларына арналган илимий-методикалык изилдөө иштеринин мындан ары дагы колго алынып, тереңдетилишин сунуштайбыз.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ТӨМӨНКҮ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛДЫ:

**1. Бийгелдиева, Н. А.** Мугалимдерге жардам [Текст]: усулдук колдонмо / Н. Бийгелдиева, Р.Н. Карыбекова. – Б.: Айат, 2006. – 79 б.

**2. Бийгелдиева, Н. А.** Дилбаяндардын үлгүлөрү [Текст]: мектеп окуучулары үчүн түзүлгөн окуу куралы / Н. Бийгелдиева, Р. Н. Карыбекова. – Б.: Айат, 2007. – 31 б.

**3. Бийгелдиева, Н. А.** Дилбаяндардын үлгүлөрү [Текст]: мектеп окуучулары үчүн түзүлгөн окуу куралы / Н. Бийгелдиева, Р. Н. Карыбекова. – Б.: Айат,

2007. – 26 б.
4. **Бийгелдиева, Н. А.** Кыргыз тилин окутуунун интерактивдүү методдору [Текст]: окуу куралы / Н. Бийгелдиева, Р. Н. Карыбекова. – Б.: Айат, 2008. – 47 б.
5. **Бийгелдиева, Н. А.** Кыргыз тили боюнча таблицалар топтому [Текст]: / Н. Бийгелдиева, Р. Н. Карыбекова. - Б.: Айат, 2008. – 29 б.
6. **Бийгелдиева, Н. А.** Тексттер топтому [Текст]: окуу куралы / Р. Н. Карыбекова, Н. Бийгелдиева, А. Абдыкалыкова. – Б.: Айат, 2009. – 88 б.
7. **Бийгелдиева, Н. А.** Мамлекеттик тилди окутуунун интерактивдүү методдору [Текст]: / Н. Бийгелдиева // Известия Вузов. – Бишкек, 2009. - №6. – 292-294-бб.
8. **Бийгелдиева, Н. А.** Байланыштуу кеп кыргыз тилин окутуунун максаты катары [Текст]: / Н. Бийгелдиева // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Б.: КМУ, 2010. - Чыг. 3. – 49 - 52-бб.
9. **Бийгелдиева, Н. А.** Байланыштуу кеп кыргыз тилин окутуунун мазмуну катары [Текст]: / Н.Бийгелдиева // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Б.: КМУ, 2010. - Чыг. 3. – 292-298-бб.
10. **Бийгелдиева, Н. А.** Байланыштуу кепти окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы [Текст]: / Н. Бийгелдиева // Азыркы мезгилдин педагогу: теория жана практика. Илимий эмгектердин жыйнагы. – Бишкек, Айат, 2010. - 7-13-бб.
11. **Бийгелдиева, Н. А.** Текстти окутуунун теориялык-практикалык айрым маселелери [Текст]: / Н. Бийгелдиева // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Б.: КМУ, 2011. - Чыг. 3. – 153-155-бб.
12. **Бийгелдиева, Н. А.** Текстти окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүү [Текст]: / Н. Бийгелдиева // Известия Вузов. - Бишкек, 2011. – №4 - 227-228-бб.
13. **Бийгелдиева, Н. А.** Байланыштуу кепти окутуунун тажрыйбасынан [Текст]: / Н. Бийгелдиева // Профессор К.К.Сартбаев жана азыркы филология, педагогика илимдеринин актуалдуу проблемалары. – Бишкек, Турар, 2011. – 138-143-бб.
14. **Бийгелдиева, Н. А.** Текстти окутуунун теориялык-практикалык айрым маселелери [Текст]: / Н.Бийгелдиева // Профессор К.К.Сартбаев жана азыркы филология, педагогика илимдеринин актуалдуу проблемалары. – Бишкек, Турар, 2011. – 144-150-бб.
15. **Бийгелдиева, Н. А.** Окуучулардын байланыштуу кебин өркундөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин аныктоо [Текст]: / Н. Бийгелдиева // Кыргыз Билим Берүү Академиясынын Кабарлары.– Бишкек, Билим, 2011. - Чыг. 3(19). – 26-29-бб.
16. **Бийгелдиева, Н. А.** Байланыштуу кепти окутуунун айрым маселелери

[Текст]: / Н. Бийгелдиева // Кыргыз Билим Берүү Академиясынын Кабарлары. – Бишкек, Билим, 2012. – Чыг. 2. - 29-34-бб.

Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын «Кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери» аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын


**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз тилинин системалуу курсу, байланыштуу кеп, окутуу, өркүндөтүү, илимий-методикалык негиз,жолдору, ыкмалары. эксперимент, сурамжылоо, апробациялоо, сабак, метод, текст.

**Изилдөөнүн объектиси:** кыргыз тилинин системалуу курсун жана байланыштуу кепти окутуу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз тилинин системалуу курсунда окуучулардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу жана аны практикада сыноо

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык, практикалык, эксперименталдык методдор изилдөөнүн максатына ылайык колдонулду.

- *теориялык методдор*: илимий анализ методу темага байланыштуу илимий-педагогикалык эмгектерди, мыйзамдарды, стандарттарды, нормативдик документтерди окуп-үйрөнүүдө, аларга таянуу менен иштин негизин аныктоодо;
- *практикалык методдор*: байкоо**,** аңгемелешүү, сурамжылоо, анкеталык суроолорго жоопторду алуу, сабак өтүү, сабакка катышуу, сабактарды талдоо, тажрыйбаларды үйрөнүү, илимий негизди тактоо, толуктоо;
- *эксперименталдык методдор:* аныктоочу, текшерүүчү жана жыйынтыктоочу педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү, алардын маалыматтарын аныктоо, талдоо жана жыйынтыктоо иш-аракеттери аткарылды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана анын жаңылыгы:**

- байланыштуу кепти окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талдоого алынып, анализденди: орто мектепте кыргыз тилинин системалуу курсун окутууда байланыштуу кепти окутуунун орду жана мааниси аныкталды; байланыштуу кепти кыргыз тилинин системалуу курсу менен биримдикте окутууну жаңылоонун зарылдыгы далилденди; тил, кеп жана текстти биримдикте окутуунун жана текстти окутуу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн методикасы иштелип чыкты; байланыштуу кепти кыргыз тилинин системалуу курсу менен биримдикте окутуунун жолдору, ыкмалары, сабактардын үлгүлөрү, методдору жана каражаттары иштелип чыгып, сунуш кылынды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** алынган натыйжалар, сунуштар мектептерде кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатууда, байланыштуу кепке басым жасоо менен окуучулардын кебин өркүндөтүүдө, сабакты практикалык багытта уюштурууда, окуу-методикалык комплекстерди жакшыртууда методикалык жактан көмөк көрсөтө алат. Кыргыз тили мугалимдерине байланыштуу кепти окутуу боюнча керектүү илимий-методикалык маалыматтарды, окутуу процессинде колдонууга мүмкүн болгон конкреттүү ыкжолдорду, каражаттарды берет.

# РЕЗЮМЕ

диссертации Бийгелдиевой Нуржан Абдыгуловны на тему “Научно-методические основы развития связной речи учащихся в систематическом курсе кыргызского языка” на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызский язык)

**Ключевые слова** – системный курс кыргызского языка, связная речь, обучение, усовершенствование, научно-методические основы, цель, содержание, эксперимент, опрос, апробация, урок, метод, текст.

**Объект исследования** – процесс обучения систематический курс кыргызского языка и связной речи.

**Цель исследования** – разработка научно-методических основ развития речи учащихся согласно современным требованиям.

**Методы исследования:** применены теоретические, практические, экспериментальные методы в соответствиями с целями исследования.

- *теоретические методы:* метод научного анализа – при изучении научно-педагогических трудов, законов, стандартов, нормативных документов, связанных с темой исследования, при определении научной основе изученных материалов;
- *практические методы:* методы наблюдения, собеседования, опроса, заполнения анкет, проведения уроков, посещения уроков, анализа уроков, изучения опыта, уточнения и дополнения научной основы;
- *экспериментальные методы:* проведение констатирующего, контрольного и итогового педагогических экспериментов, определение, обработка и анализ их результатов.

**Научная новизна и полученные результаты исследования:**

- проанализовано теоретическое и практическое состояние обучения связной речи;
- были определены место и значение связной речи в обучении кыргызскому языку в средней школе;
- обоснована необходимость модернизации обучения связной речи;
- разработана методика совместного преподования по языку, речи и текста и развитие речи учеников используя слова из текста;
- разработаны и предложены пути, приемы, методы и средства обучения связной речи.

**Практическая значимость исследования:** результаты исследования и рекомендации представляют для учителей кыргызского языка необходимые для обучения связной речи научно-методические материалы, конкретные приемы и средства для применения в учебном процессе.

## RESUME

of Biygeldieva Nurzhan Abdygulovna on Dissertation Research "Scientific - methodical foundations for the development of student's coherent speech in the systematic course of Kyrgyz language" for the degree of candidate of pedagogical sciences. Specialty 13.00.02 - theory and methodology of teaching and training (Kyrgyz language).

**Key words**: A systematic course of Kyrgyz language, coherent speech, teaching, improvemen ,scientific and methodological basis, purpose, content, experiment, interrogation, approbation, lesson,method, text.

**The object of the research**: the process of teaching the Kyrgyz language through a systematic course of Kyrgyz language.

**The subject of the research:** According to current requirements to work out scientific and methodological base development of students' speech.

**The methods of the research:** According to the aim of the research have been used theoretical, practical and experimental methods.

- Theoretical methods: a method of scientific analysis - the study of scientific and educational publications, laws, standards, regulatory documents related to the research topic, with the definition of a scientific hypothesis based on the studied material;
- Practical methods: methods of observation, interviews, questionnaires, filling applications, conduct lessons, visits lessons, lesson analysis, learning experience, clarification and additions to a scientific hypothesis;
- Experimental methods: conducting states of the control and the outcome of teaching experiments, determination, processing and analysis of their results.

**The scientific novelty and theoretic value of the research:**

- analyzed theoretical and practical training status of coherent speech and determine the basic directions of its development;
- Identified the place and importance of coherent speech in teaching Kyrgyz language in high school;
- substantiate the necessity of modernizing teaching coherent speech;
-working out method joint education, jb languge, speech and text and development speech of puple used the words on the text;
- developed and offered active forms, interactive learning methods and tools for coherent speech.

**The practical significance of the study**: results of a research and recommendations for teachers of Kyrgyz language are required to learning coherent speech of scientific and methodological materials, specific techniques and tools for use in the educational process.